2021-2022-окуу жылында №4 Башталгыч класстарынын мугалимдеринин кичи тобунун окуу-тарбия процессинде жүргүзгөн иштерине

А Н А Л И З

Мектептеги башталгыч класстардын кичи тобуна башталгыч класстарынын мугалимдери кирет. 2021-2022-окуу жылында бул кичи топтун мугалимдери бир топ алгылыктуу иштерди аткарышты. Алар «Эмгекке, окууга аң сезимдүү мамиле кылуу аркылуу окуу-тарбия иштеринин сапатын көтөрүү» деген көйгөйдүн үстүндө иштешти жана иштеп жатышат.

Окуу китептеринин абалдары каралды. Таланттуу балдар менен иштөө жана айрым сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө иши жүргүзүлүп кошумча тапшырмалар берилип турду. Окуучулардын каллиграфиясынын үстүндө да иш жүргүзүлүп таза жазуу мүнөтү өткөрүлдү.

15-декабрдан 27-декабрга чейин USDA “ Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу” программасы тарабынан уюштурулган “ Биз Мерсико менен бирге окуйбуз жана өнүгөбүз” аттуу конкурсуна видео-сабактарды тарттык.

USDA “ Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу” программасы тарабынан уюштурулган жазгы окуу лагери өтүлдү.

USDA “Окуу керемет” долбоору боюнча мугалимдер 13-январдан баштап жума сайын онлайн семинар сабактар өтүлүп, өтүлгөн сабактарга байкоо тренерлер тарабынан жүргүзүлдү.

USAID “Келгиле,окуйбуз!” долбоору тарабынан “23 – апрель бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө” карата иш-чара өтүлдү .

Негизинен усулдук бирикменин мүчөлөрү иштеп жаткан проблеманы ачууга жооп бере ала тургандыгын көрсөтө алышты.

Жалпысынан айтканда, топтун мүчөлөрүнүн өткөн окуу жылындагы окуу-тарбия иши канааттандырарлык деп табылып, коюлган көйгөйлөрдү ишке ашырууда көп жетишкендиктерге ээ болушту.

## №4 Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылына милдеттенмелери:

1. Сабак отуудо инновациялык технологияларды колдонуп, электрондук сабактарды отуу, нтерактивдуу методдорду дагы кенири колдонууну;
2. Билим сапатын жакшыртуу максатында окутуунун жаны ыкмаларын колдонуу менен сабактарга окуучулардын кызыгууларын арттыруунун устундо эмгектенуу;
3. Таланттуу окуучулар менен аяр мамиледеги окуучулар менен жекече иш алып баруу;
4. Сабак отуудо аудио жана видео каражаттарын пайдалануу;
5. Ата-энелерди мектепке тартууга кызыктуу иш чараларды откоруу;

6. Окуучулардын жетишкендикктерин эске алып, кошумча тапшырмаларды беруу;